**Эмгек келишими**

Жалал-Абад шаары №22 жалпы негизги билим берүүчу мектеби-мекемеси

Биз келишим түзүүчү эки тараптар:

Биринчи тараптан мугалим: Канатова. С.С.

Экинчи тараптан жумуш берүүчү директор : Сыдыков. А.Ж

2022-2023-окуу жылы үчүн төмөнкүдөй келишим түздүк.

ДИРЕКТОР: Сыдыков. А.Ж МИЛДЕТТЕНЕТ :

1. Кыргыз тили сабагынан бир ставкадан кем эмес саат менен камсыз кылууга;
2. Иштөө үчүн класс бөлмөлөрдү техникалык каражаттар менен мүмкүнчүлүктүн болушунча жабдууга:
3. Кышкысын үзгүлтүксүз нормалдуу температураны сактоого ;
4. Иш жадыбалын түзүп берүүгө;
5. Айлык акысын билим берүү министрлиги тарабынан түзүлгөн тариф боюнча жазып берүүгө;
6. Практикалык жана лабораториялык иштерди аткаруу үчүн зарыл жана керектүү заттарды, жабдууларды камдап берүүго;
7. Ооруп калган мезгилдерде мүмкүн болушунча башка адистер менен алмаштырып турууга жана эмгекке жарамсыздык баракчасын негизинде ооруган күндөру үчүн белгиленген өлчөмдөгү акысын төлөп берүүгө;
8. Эс алуу жана дарыланып келүү үчүн арзандатылган нарктагы жолдомолорду алууга жардамдашууга ;
9. Окуу жылы ичинде 3төн кем эмес мугалимдин иш тажрыйбасын жайылтууга ;
10. Мугалимдин илимий - педагогикалык маалыматтар менен камсыз кылып , окуу жылы ичинде окуучунун учурдагы көйгөйлөру боюнча чейрек сайын 4 (төрттөн) кем эмес семинар ,илимий конференциялар жана башка усулдук иш чаралар уюштурууга ;
11. Мектепте педагогикалык кызматкерлерди аттестацияларга даярдап өткөрүүгө .

МУГАЛИМ: Канатова С. С. МИЛДЕТТЕНЕТ:

1. Мектептин ички тартип эрежесин сактоого;
2. Жадыбал боюнча сабакка15мүнөт эрте келип , классты сабакка даярдоого ;
3. Окуучу мектепте болгон учурда анын жалпы коопсуздугун камсыз кылууга ;
4. Көргөзмө куралдарды пайдалануу ,рационалдуу ыкмаларды , техникалык каражаттарды , дидактикалык материалдарды кеңири колдонуп . жогорку педагогкалык чеберчилиги менен өтүүгө;
5. Мектептик стандартка ылайык билим берүүгө, окуучулардын өздөштүрүүсүн жакшыртууга , оз алдынча билимин жогорулатуусун камсыз кылууга ;
6. Окуучуларга гумандуу , маданияттуу мамиле кылуу менен өзүн маданияттуу алып жүрүүго,иш убактысында спирттик ичимдиктерин пайдаланбоого;
7. Башка мугалимдер ооруп же башка себептер менен келбей калган учурда мектеп жетекчисинин көрсөтмөсү боюнча алмаштырып турууга

8. Жаш мугалимдерге тажрыйбасын үйрөтүп насаатчы болууга;
9. Класс жетекчи болууга,классындагы ар бир окуучунун кулк-мүнөзүнө,жеке өзгөчөлүгүнө,жөндөмүнө жараша мамиле кылууга;
10. Окуучуларды тарбиялоону жогорку деңгээлде жургузууго;
11. Мектептин ички буюмдарын жана техникалык каражаттарын ,ички жана тышкы болүнгөн жерди таза сактоого;
12. Кезек менен нөөмөтчү болууга,анын милдетин так аткарууга;
13. Классынын китеп алуусун,китепти таза ,жыртпай сактоосун жана толук бойдон тапшыруусун камсыз кылууга;
14. Мектепте өз ден соолугун чыңдоого багытталган спорттук жардам табитин өстүрүүгө.маданий-массалык иштерге активдүү катышууга;
15. Педагогикалык жамаатты,мугалимдерди урматтоого,педагогикалык кеңешменин чечимин,мектеп жетекчилеринин көрсөтмөсүн өз убагында аткарууга;
16. Өзү иштеген класс бөлмөсүн жасалгалоого,ремонттоого, талапка ылайык жабдууга, дайыма таза сактоого;
17. Өз предмети боюнча талапка ылайык класстан тышкаркы иштерди жалпы мектептик иш чараларды аткарууга ;
18. Мектеп документтерин ( журнал,өздүк дело) өз убагында таза, катасыз толтурууга ;
19. Мектеп жетекчилиги,педагогикалык жамаат тарабынан тапшырылган коомдук тапшырманы аткарууга;
20. Өзүнүн устаттык чеберчилигин аткарууга,докладдар,буклеттер,бурчтар,чыгармачылык сабактар ,окуучулардын билимин терендетүүгө багытталган жалпы мектептик жана шаардык ар түрдүү иш чараларга активдүү катышууга (олимпиада,конкурс ж.б)
21. Окуу программасын аткарылышын камсыз кылуу менен окуучулардын билим сапатын жогорулатып, шаардык, облустук, республикалык олимпиадаларга, 9-класстарда артыкчылык күбөлүккө даярдоого;
22. Класстан тышкаркы тарбиялык иштерди жакшыртуу максатында ийримдерди уюштурууга аларга өз окуучуларынын тартылуусун камсыз кылууга ;
23. Өзүнүн классында» Манас»,» Семетей»,» Сейтек» эпосун окуучулардын арасында окуп үйрөнүп чыгармачылык (манас айтууга сүрөт тартууга ,жазууга) иштерди жүргүзүүгө;

Келишим эки нускада 2022-жылдын 1-сентябрынан 2023-жылдын 1-сентябрына чейинки МӨӨНӨТКӨ түзүлдү.

| | |
|---|---|
| №22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинин директору: | Кесиптик уюмунун торайымы: |
| Сыдыков А.Ж. | Мирзаходжаева М.А. |